| 6 | Мугалимдин аты-жөнү толук берилгенби? | ооба, жазылган |
| 7 | Өз убагында,туура толгонбу? | ооба |
| 8 | Баалардын жыштыгы жана туура коюлушу | туура |
| 9 | Текшерүү,жазуу иштерге баалар коюлганбы? | коюлган |
| 10 | Окуу программасынын аткарылышы | |
| 11 | Окуучулар жөнүндө маалымат толтурулганбы? | толтурулган |
| 12 | Класстык саат толтурулганбы? | ооба |
| 13 | Чейректик баалар коюлганбы? | коюлган |
| 14 | Ден-соолук барагы толтурулганбы? | ооба |
| 15 | Эскертүүлөр берилип турабы? | ооба |

Жыйынтыктар:______________________________________________

Сунуштар чет тили мугалими Табылды кызы Айгерим журналды туура толтуруу сунушталат.

«18» 02 20 22 Жыл

Жыйынтыктар жана сунуштар менен тааныштым: [signature]

## Класстык журналдарды текшерүүнүн карта-схеасы

Текшерилген күнү 04.11.21

| № | Мазмуну | маалымат |
|---|---|---|
| 1 | Класс | 4 |
| 2 | Класс жетекчи | Тобокелбаева Нуржан |
| 3 | Журналдын сырткы көрүнүшү кандай | жакшы |
| 4 | Предметтердин катары жазылганбы? | жазылган |
| 5 | Предметтер туура бөлүнгөнбү? | туура бөлүнгөн |
| 6 | Мугалимдин аты-жөнү толук берилгенби? | толук берилген |
| 7 | Өз убагында,туура толгонбу? | ооба |
| 8 | Баалардын жыштыгы жана туура коюлушу | туура |
| 9 | Текшерүү,жазуу иштерге баалар коюлганбы? | туура коюлган |
| 10 | Окуу программасынын аткарылышы | аткарылган |
| 11 | Окуучулар жөнүндө маалымат толтурулганбы? | толгон |
| 12 | Класстык саат толтурулганбы? | толтурулган |
| 13 | Чейректик баалар коюлганбы? | коюлган |
| 14 | Ден-соолук барагы толтурулганбы? | толтурулган |
| 15 | Эскертүүлөр берилип турабы? | өз учурунда берилет |

Жыйынтыктар: Окуу жылы башында окуучунун ата-жөнү чаптанып оңдолгон

Сунуштар: Окуучу ата-жөнүн туура жазуусу журналды булгабай, чаптабай толтуруусу сунушталат.

«04» ноябрь 20 21 Жыл

Жыйынтыктар жана сунуштар менен тааныштым: ____________

## Класстык журналдарды текшерүүнүн карта-схеасы

Текшерилген күнү 03 11 21

| № | Мазмуну | маалымат |
|---|---|---|
| 1 | Класс | 8 |
| 2 | Класс жетекчи | [illegible] |
| 3 | Журналдын сырткы көрүнүшү кандай | жакшы |
| 4 | Предметтердин катары жазылганбы? | жазылган |
| 5 | Предметтер туура бөлүнгөнбү? | туура бөлүнгөн |
| 6 | Мугалимдин аты-жөнү толук берилгенби? | берилген |
| 7 | Өз убагында,туура толгонбу? | толгон |
| 8 | Баалардын жыштыгы жана туура коюлушу | туура |
| 9 | Текшерүү,жазуу иштерге баалар коюлганбы? | коюлган |
| 10 | Окуу программасынын аткарылышы | аткарылган |
| 11 | Окуучулар жөнүндө маалымат толтурулганбы? | толтурулган |
| 12 | Класстык саат толтурулганбы? | толтурулган |
| 13 | Чейректик баалар коюлганбы? | коюлган |
| 14 | Ден-соолук барагы толтурулганбы? | толтурулган |
| 15 | Эскертүүлөр берилип турабы? | өз учурунда |

Жыйынтыктар: Коомдук пайдалуу эмгек бети туура эмес жазылган. Журналды өз учурунда, бузбай, так толтуруу.

Сунуштар: Журналды туура толтуруу сунушталат.

«03» ноябрь 2021 Жыл

Жыйынтыктар жана сунуштар менен тааныштым: [signature]

Карабеков Сатынбай атындагы орто мектеби

# Предметтик жумалыктардын жыйынтыгы боюнча маалыматтар

Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылында кыргыз тили жана адабияты сабагынан өткөрүлгөн жумалык боюнча берген маалыматы

Кыргыз тили жана адабияты сабактарынын жумалыгы 15-сентябрдан 29-сентябрга чейин жүргүзүлүп мугалимдердин иш аракеттери жана окуучулардын билим сапаттары текшерилди. Кыргыз тили жана адабияты сабагынан 3 мугалим эмгектенет.

1. Макишова Сайкал 11-класска кыргыз тили жана адабияты сабагынан сабак берет. 11-класстын кыргыз тили сабагынан билим сапаты текшерилди. Мында 24 суроодон түзүлгөн тест алынды. Класста жалпы 9 окуучу окуйт. Окуучулардын билим сапаты – 33% ды түздү. Ал эми кыргыз адабияты сабагынын өтүлүшүн жана окуучулардын билим деңгээлин, сабакка кызыгуусун көрүү максатында сабак текшерилди. Сабактын темасы «Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча талдоо». Сабактын жүрүшү пландын структурасы менен дал келет. Сабакка техникалык каражаттарды колдонду жана окуучулар Ч.Айтматовдун чыгармаларынан көрүнүш көрсөтүштү. Бардык окуучулар сабакка активдүү катышып, теманы толук түшүнүштү жана өз ойлорун кенен айтышты. Сабак максатына жетти, убакытты туура пайдаланды. Мугалим көп изденүүсү керек.
   Сунуш:
   1. Сабакта кайталанмалуулукту азайтуу керек.
   2. Окуучулардын билим сапаттарын көтөрүүнүн үстүндө тереңдетип иштөөсү сунушталат
2. Омор кызы Айнур - 5-7-9-класстарга кыргыз тили жана адабияты сабагынан сабак берет. Сабактын өтүлүшүн жана окуучулардын билим деңгээлин, сабакка кызыгуусун көрүү максатында сабактары текшерилди. 9-класстын кыргыз тили жана адабияты сабагынан билим сапатын текшерүү үчүн тест алынды. Класста жалпы 10 окуучу окуйт. Окуучулардын билим сапаты – 50% ды түздү. Кыргыз тили сабагынан окуучулардын сабаттуулугун, сөздөрдү орфографиялык эрежелерге ылайык туура жазуусун, грамматикалык каталарын текшерүү үчүн 5-класстан жат жазуу алынды. Окуучулардын билим сапаты 38% ды түздү. Мугалим жазуу иштерине көп көңүл буруусу керек. Окуучулардын сүйлөө кебин өстүрүү, шар окууга көнүктүрүү максатында 7-класстан окуу ылдамдыгы жана билим сапаты текшерилди.

Жыйынтык: Мугалим жаш. Сабактын күндөлүк мерчемдерин учурунда жазып келүүгө аракет кылат. Мугалим жаш болгондугуна байланыштуу көп изденүүсү зарыл.

Сунуштар:
1. Окуучулардын кол жазмаларына көп көңүл буруп, тамгаларды элементи менен туура жана сабаттуу жазууга көнүктүрүлсүн.
2. Окуучулардын сүйлөө кебин өстүрүп, шар жана көркөм окууга көнүктүрүү үчүн адабий чыгармалардан кошумча көп окутулсун.
3. Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына көп катышып усулдук жардам алуу керек.

3. Сатиева Перизат – 6-8-10-класстарга кыргыз тили жана адабияты сабагынан сабак берет. Кыргыз тили сабагынан окуучулардын сабаттуулугун, сөздөрдү орфографиялык эрежелерге ылайык туура жазуусун, грамматикалык каталарын текшерүү үчүн 6-класстан жат жазуу алынды. Окуучулардын билим сапаты 58% ды түздү. Кыргыз тили сабагынын өтүлүшүн жана окуучулардын билим

деңгээлин, сабакка кызыгуусун көрүү максатында сабак текшерилди.Сабактын иш мерчеми жаңы стандарттын негизинде жазылган. Мугалим окуучуларды шыктандыруу максатында сүроттөр менен иштөө аркылуу жаңы теманы таап чыгып, тема боюнча түшүнүк берүүнүн негизинде окуучулар менен биргеликте көнүгүүлөрдү аткарышты. Мугалим жаш болгондуктан көп изденүүсү зарыл.
Окуучулардын сүйлөө кебин өстүрүү, шар окууга көнүктүрүү максатында 8-класстын окуу ылдамдыгы жана билим сапаты текшерилди. Билим сапаты 50%ды түздү. 10-класстан кыргыз адабияты сабагынан билим сапатын текшерүү үчүн тест алынды. Тест өтүлгөн темалардын негизинде түзүлүп,өзүнө 20 суроону камтыды. Окуучулардын билим сапаты – 33% ды түздү.

Жыйынтык: Жаш мугалим эмгек жолун жаңы баштаганына карабай аракетчил, өз ишин так аткарууга, иш кагаздарын өз убагында бүтүрүүгө аракет кылат. Сабактын күндөлүк мерчемдерин учурунда жазат. Дептерлерди үзгүлтүксүз текшерет. Мугалим жаш болгондуктан көп изденүүсү зарыл.

Сунуштар:

1. Окуучуларды шар жана көркөм окууга көнүктүрүп, кол жазмаларынөа көңүл буруп, катасыз, сулуу жазууга, орфографиялык эрежелерди туура сактоого көнүктүрүүсү керек.
2. Окуучулардын активдүүлүгүн күчөтүп сабакка толук тартып, убакытты туура пайдалануу керек
3. Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына көп катышып усулдук жардам алуу зарыл.

Макишова Сайкал 6-класстын класс жетекчиси, ал эми Омор кызы Айнур 7-класстын класс жетекчиси. Окуучулар жана ата-энелер менен тыгыз иштешет. Тарбиялык мерчемдери жана тарбиялык сааттары убагында жазылган. Кыргыз тили жумалыгын улай 23-сентябрь тил күнүнө карата «Кылымда сүйлөйт кыргыз тил» деген темада кече уюштурушту. Тил күнүндө поэзия кечеси, обондуу ырлар, флешмоб жана көркөм окуу болду.

Окуу бөлүмүнүн башчысы:__________ Адылбек кызы Элнура

## Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы математика жумалыгынын анализи

2022-2023- окуу жылынын 3-октябрынан 13-октябрына чейин Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинде математика жумалыгы болуп өттү. Математика мугалимдери Джунушбаева Элмира жана Мырзабек кызы Айзат математика сабактарында теориялык материал менен эсеп чыгаруу материалын тыгыз байланыштырып, заман талабына ылайык жаңы технологияларды колдонуу менен окуучулардын математикалык тактыктарын, ой өрүштөрүн, күндөлүк турмушта математиканы колдоно билүүлөрүн калыптандыруунун үстүндө иш алып барышты.

3-октябрда салтанаттуу тизим учурунда математика жумалыгынын ачылышы болуп өттү. Ачылышта математикалык ырлар, ар кандай математикалык фокустар, кызыктуу маалыматтар, логикалык суроо-жооптор орун алды. Берилген ар бир тапшырма окуучулардын математика сабагына болгон кызыгууларын арттыруу багытында орун алды жана бардык окуучулар активдүү катышып беришти.

*Джунушбаева Элмира* - Мугалим тажрыйбалуу, педагогикалык аракеттин негизги компоненттерин эске алуу менен күндөлүк сабактарды ыңгайына жараша түрдүү кылып кызыктуу өтө билет, мугалимдин башкы максаты окуучуга терең жана тыянактуу билим берүү, ал эми билим сапатты арттыруу үчүн талыкпай чыгармачылык менен иш алып баруу жана керектүү билим берүү менен гана чектелбестен алган билимин окуучуга турмушта колдоно билүүгө үйрөтүү.

Мугалим 10-октябрда 5-класска «Натуралдык сандарды позициялык системада жазуу» деген темада ачык сабак өттү. Сабакты жаңы технологиялык каражаттарды колдонуунун негизинде эң жогорку деңгээлде өтүп берди. Өтүлгөн теманы кайталоого түзүлгөн суроолору, жаңы теманы видеосабак аркылуу түшүндүргөнү,темага карата берилген мисалдарды окуучулардын чыгарылуулары,бышыктоо катары ойнотулган «Керемет талаа», жыйынтыктоо максатында ойнотулган «Суроо-жооп» оюндары, «Чаташкан сандарды» «Ийгиликтуу сандар» аркылуу сабакты баалоосу негизинен мыкты ишке ашты. Окуучулар сабакка жогорку активдүүлүктө катышышты. Сабак эң жакшы деп бааланды.

Билим сапатын текшерүү максатында 6-класстын окуучуларынан текшерүү иш алынды. Өтүлгөн темалардын негизинде түзүлгөн, жалпысынан беш эсепти камтыган текшерүү ишти 19 окуучу жазышты. Жыйынтыгында билим сапат 42% ды түздү.

8-класска «Бөлчөктөрдү көбөйтүү. Бөлчөктөрдү даражага көтөрүү» деген темада өткөн күндөлүк сабагына катыштык. Мугалим сабакты уюштуруп, тема боюнча түшүнүк берип,окуу китебинен №102-108-мисалдардан

чыгарышты. Эсептерди чыгаруу негизинен жакшы окуган окуучулар менен биргеликте ишке ашты. Суроо-жооп аркылуу сабак жыйынтыкталды.

Билим сапатты аныктоо негизинде 5-класстан текшерүү иш алынды. Текшерүү иш беш эсептен түзүлгөн. Төрт окуучу «жакшы», он окуучу «канааттандыраарлык» баага жазышты. Жыйынтыгында билим сапат 29% ды түздү.

10-класстын окуучуларынан геометрия сабагынын алкагында тест алынды. Тесттин суроолору 9-10-класстын программасынын негизинде 10 суроодон түзүлгөн. Ар бир туура жоопко бирден упай берилди. Тогуз же он суроого туура жооп берген окуучу «эң жакшы», жети, сегиз суроого туура жооп берген «жакшы», беш же алты туура жооп «канааттандыраарлык» деп бааланды. Жалпысынан билим сапат 33% болду.

Сунуш: 1. Сабакта пландалган эсептердин бардыгын иштөөгө жетишүүгө көп аракет жасоосу керек

<u>*Мырзабек кызы Айзат*</u> – жогорку билимдүү, тажрыйбалуу мугалим. 7-9-11-класстарга математика сабагынан сабак берет. Сабагында ар кандай интерактивдүү методдорду колдонуу менен, жаңы технологияларга басым жасап өткөнгө аракет кылат. Мугалимдин алдына койгон максаты: окуучулардын окууга болгон кызыгуусун, көңүлүн, эс-тутумун өстүрүү, жөнөкөй математикалык билимдерди калыптандыруу жана мыкты мугалим болууга умтулуу.

7-октябрда 7-класска геометрия сабагынан «Бурч. Бурчтун биссектрисасы» деген темада ачык сабак өттү. Сабагын турмуш менен байланыштырып даярдаган. Мисалдары, сабактын структурасы бардыгы турмуштан алынган жана окуучуларга жеткиликтүү болду. Сабагында жаңы теманы слайд менен түшүндүрдү. Эс алуу минутасы, жагымдуу маанай дагы өтүлгөн тема менен байланыштуу болду. Сабагы максатына жетип, «жакшы» деп табылды.

Ал эми 11-класстын күнүмдүк сабагына катыштык. Темасы «Жогорку предели өзгөрүлмө интеграл. Ньютон-Лейбництин формуласы. Мисал иштөө». Окуучулар тема боюнча түшүнүктөрү жакшы, берилген мисалдарды чыгара алышат. Сабакта жуп менен иштешти. Мелдеш сабак болду. 40-45-мисал-маселелерди чыгарышты.

9-класстан билим сапатын текшерүү максатында текшерүү иши алынды. Класста 10 окуучу. Бардыгы толук жазышты жана 1 окуучу «эң жакшы», 2 окуучу «жакшы», 7 окуучу «канааттандырарлык» болду. Билим сапаты 30%ды түздү.

Ошондой эле 7-класстын алгебра сабагынан текшерүү иши алынды. Класста 11 окуучу, бардыгы толук жазышты. Текшерүү иши 5 мисалдан турат. Билим сапаты 27,3% ды түздү.

Сунуш: 1. Окуучулардын активдүүлүгүн көтөрүү максатында көп иш алып баруу керек

Жалпысынан алганда математика жумалыгы жакшы деңгээлде өттү. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуунун жана математикалык билимдерин калыптандыруунун үстүндө дагы да иш алып баруулары керектиги сунушталды.

Окуу бөлүмүнүн башчысы:____________ Адылбек кызы Элнура

**Сатынбай Карабеков атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы физика сабагынан өтүлгөн жумалык боюнча маалымат**

2022-2023-окуу жылынын 17-октябрынан 28-октябрына чейин физика жумалыгы болуп өттү. Шаршенбек кызы Жылдыз физика мугалими. Мугалим аракетчил, изденүүсү жакшы. Администрация тарабынан айтылган иш чараларды өз учурунда аткарат. Окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин калыптандыруу жана өнүктүрүү менен аны айлана чөйрөдөгү, техникадагы, жашоо тиричиликтеги кездешүүчү ар кандай кубулуштарды түшүнүүгө, теориялык билимди практикада пайдалана билүүгө үйрөтүүнүн үстүндө иш алып барат.

17-октябрда салтанаттуу тизим учурунда физика жумалыгынын ачылышы болуп өттү. Ачылышта физиканын тарыхы, бөлүмдөрү жөнүндө маалымат угулду. Физикалык ырлар, табышмактарды табуу менен ар бир окуучу физика сабагына болгон кызыгууларын арттырып, суроолорго жооп беришти. Класстар арасында табияттагы кубулуштарды тажырыйба жүргүзүү менен далилдеп көргөзүлдү жана окуучулар түшүндүрүп айтып беришти.

8-класстын окуучуларынан физика сабагынан тест алынды.Тест беш суроодон жана беш маселеден түзүлгөн. Окуучулардын жалпы саны 18 окуучу, жалпысынан билим сапаты 38,8% түздү.

Билим сапаты текшерүү максатында 9-класстын окуучуларынан текшерүү иши алынды. Өтүлгөн темалардын негизинде түзүлгөн, жалпысынан беш эсепти камтыган текшерүү ишти 10 окуучу жазышты жыйынтыгында билим сапаты 40% ды түздү.

10-класстын окуучуларына физика сабагынан «Жумуш. Жумуштун жалпы формуласы. Кубаттуулук. Кубаттуулуктун бирдиги» деген темада сабагына катыштык. Сабакта ТСО, сүрөттөр, окуу китептер, көнүгүүлөр иштелди. Окуучулар сабакка активдүү катышышты. Сабак максатына жетип жакшы деп табылды.

7-класска физика сабагынан «Ылдамдануу. Ылдамдануунун бирдиги» деген темада ачык сабак өттү. Сабак жагымдуу маанай түзүү менен башталды. Класс топко эки бөлүндү. Өтүлгөн теманы мектептен үйгө чейинки схеманы чийүү менен жолдун траекториясы жана өзгөрмөлүү кыймылын окуучулар аныктап, мугалим менен бирдикте теманы ачып чыгышты. Сабакта ТСО, сүрөттөр, аркылуу жаны теманы түшүндүрүп бердим. Окуучуларга формулалар жана бирдиктер эстафетасын иштешти. “Сүрөттү карап маселе чыгаруу” деген тапшырма берилди окуучулар маселени чыгарышты. Сабакты бышыктоодо “quizizz программасы” арылуу тест түзүлгөн окуучулар экранга берилген суроолорго уюлдук телефондору менен жооп беришти. Окуучулар сабакка активдүү катышышты. Сабак максатына жетип жакшы деп табылды.

Мугалимдин иш аракетин жана окуучулардын билим сапаттарын текшерүү жүргүзүлдү. Жалпысынан алганда физика сабагынын жумалыгы жакшы деңгээлде жыйынтыкталды.

Окуу бөлүмүнүн башчысы:___________ Адылбек кызы Элнура

## Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы биология жумалыгынын анализи

2022-2023- окуу жылынын 10-ноябрынан 21-ноябрына чейин Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинде биология жумалыгы болуп өттү. Белеков Кыялбек биология мугалими.

Мугалим тажрыйбалуу, педагогикалык аракеттин негизги компоненттерин эске алуу менен күндөлүк сабактарды ыңгайына жараша түрдүү кылып кызыктуу өтө билет. Адам турмушундагы биология илиминин маанисин жана ордун ачып көрсөтүү мугалимдин башкы максаты. Окутуунун ар бир этабында биология предметинин бүтүндүгүн камсыз кылуу менен жөнөкөйдөн татаалга карай тереңдетип билим берүү, алган билимин окуучуга турмушта колдоно билүүгө үйрөтүү.

Билим сапатын текшерүү максатында 6-класстын окуучуларынан биология сабагынан тест алынды. Өтүлгөн темалардын негизинде түзүлгөн, жалпысынан 20 суроо камтылган, 19 окуучу жазышты. Жыйынтыгында билим сапат 63% ды түздү.

7-класска «Сөөлжандын түзүлүшү» деген темада өткөн күндөлүк сабагына катыштык. Мугалим сабакты уюштуруп, өтүлгөн тема боюнча кайталоо жүргүздү. Мугалим жаңы теманы көрсөтмө куралдардын жардамы менен түшүндүрүп берди. Жаңы тема боюнча түшүнгөндөрүн айтуу менен бирге таблицалар, сүрөттөр менен иштөө болду. Суроо-жооп аркылуу сабакты бышыктады. Сабакты жыйынтыктап, окуучулардын эмгегин баалап, үй тапшырма берилди.

Окуучулардын билим сапатын, билим деңгээлин көрүү максатында 9-10-11-класстардан тесттер алынды. Тесттин суроолору 9-10-класстын программасынын негизинде 20 суроодон түзүлгөн. Ар бир туура жоопко бирден упай берилди. Жыйынтыгында класстардын билим сапаты төмөнкүдөй болду 9-класстын 40% 10-класстын 33%, 11-класстын 55%ти түздү.

Жалпысынан алганда биология жумалыгы жакшы деңгээлде өттү. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуунун үстүндө иш алып баруусу керектиги сунушталды.

Окуу бөлүмүнүн башчысы:________ Адылбек кызы Элнура

**Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин**
**2022-2023-окуу жылындагы химия жумалыгынын анализи**

2022-2023- окуу жылынын 23-ноябрынан 30-ноябрына чейин Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинде химия жумалыгы болуп өттү. Адылбек кызы Элнура химия мугалими.

Мугалим тажрыйбалуу, педагогикалык аракеттин негизги компоненттерин эске алуу менен күндөлүк сабактарды ыңгайына жараша түрдүү кылып кызыктуу өтө билет. Окуучулардын химиялык билимин, билгичтигин, жөндөмүн, турмуштук тажрыйбасын өзүнүн практикалык иш аракетинде эркин колдоно алуусун ишке ашыруу мугалимдин башкы максаты. . Сабагында ар кандай интерактивдүү методдорду колдонуу менен, жаңы технологияларга басым жасап өткөнгө аракет кылат. Окутуунун ар бир этабында химия предметинин бүтүндүгүн камсыз кылуу менен жөнөкөйдөн татаалга карай тереңдетип билим берүү, алган билимин окуучуга турмушта колдоно билүүгө үйрөтүү.

8-класска "Газдын молдук көлөмү. Авогадро закону» деген темада өткөн күндөлүк сабагына катыштык. Мугалим сабакты уюштуруп, өтүлгөн тема боюнча кайталоо жүргүздү. Мугалим жаңы теманы көрсөтмө куралдардын жардамы менен түшүндүрүп берди. Жаңы тема боюнча түшүнгөндөрүн айтуу менен бирге таблицалар,сүрөттөр менен менен иштөө болду. Суроо-жооп аркылуу сабакты бышыктады. Сабакты жыйынтыктап, окуучулардын эмгегин баалап, үй тапшырма берилди.

Окуучулардын билим сапатын, билим деңгээлин көрүү максатында 9-11-класстардан тесттер алынды. Тесттин суроолору 9-10-класстын программасынын негизинде 20 суроодон түзүлгөн. Ар бир туура жоопко бирден упай берилди. Жыйынтыгында класстардын билим сапаты төмөнкүдөй болду 9-класстын 11-класстын түздү.

Билим сапатты аныктоо негизинде 10-класстан текшерүү иш алынды. Текшерүү иш беш эсептен түзүлгөн. Үч окуучу «жакшы», 6 окуучу «канааттандыраарлык» баага жазышты. Жыйынтыгында билим сапат 33% ды түздү. Жалпысынан алганда химия жумалыгы жакшы деңгээлде өттү. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуунун жана үстүндө дагы да иш алып баруулары керектиги сунушталды.

Окуу бөлүмүнүн башчысы:________ Адылбек кызы Элнура

## Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылында тарых сабагынан өткөрүлгөн жумалык боюнча берген маалыматы

Тарых сабактарынын жумалыгы 2-декабрдан 12-декабрга чейин жүргүзүлүп мугалимдин иш аракеттери жана окуучулардын билим сапаттары текшерилди. Тарых мугалими Самудинова Эльзада.

Алдыгы койгон максаты: окуучулардын тарых сабагынан жакшы окуганга, жылдарды, окуяларды дептерге жаздырып жана тарыхый инсандарды тааныштыруу.

Администрация тарабынан айтылган иш чараларды өз учурунда аткарат. Сабактын өтүлүшүн жана окуучулардын билим деңгээлин, сабакка кызыгуусун көрүү максатында сабактары текшерилди

5-класска тарых сабагынан "Хронология" деген темада ачык сабак өттү. Окуучуларга жагымдуу маанай түзүү менен бирге классты сабакка уюштурду. Классты эки топко бөлгөн. Өтүлгөн тема боюнча берилген таблицаны тууралыгын текшерди. Мугалим жаңы теманы көрсөтмө куралдардын жардамы менен түшүндүрүп берди. Сабакты концептуалдык карта жана таблицалар менен иштешти. Сабакты билем, билдим, билгим келет оюну менен бышыктады. Топтун жыйынтыгын чыгарып, окуучулардын эмгегин баалап, үй тапшырма берилди.

6-класстын окуучуларынан 18 суроодон турган тест алынды, жыйынтыгы балл менен эсептелип эң алдыңкы баллды 10 окуучу алды. Билим сапаты 52% түздү.

7-класстын окуучуларынан тарых сабагынан билим сапатын текшерүү үчүн 17 суроодон турган тест алынды, жыйынтыгында 1 окуучу "5", 3 окуучу "4", 7 окуучу "3" алышты. Билим сапаты 36% түздү.

8-класска «Африка» деген темада өткөн күндөлүк сабагына катыштык. Мугалим сабакты уюштуруп, тема боюнча түшүнүк берип, окуу китебинен маалыматтарды окушуп, түшүнүктөрүн айтып беришти. Таблицаларды негизинен жакшы окуган окуучулар менен биргеликте ишке ашты. Суроо-жооп аркылуу сабак жыйынтыкталды.

10-класстын окуучуларынан 16 суроодон турган тест алынды, жыйынтыгы балл менен эсептелип эң алдыңкы баллды 3 окуучу алды. Аз балл алып калган окуучулар жылдардан ката кетиришкен. Билим сапаты 33% түздү.

Мугалим жаш, бирок сүйлөө речи жакшы. Өз предметин билет теманы окуучуларга кеңири түшүндүрүп берди. Мугалим жаңы ыкмалардын негизинде көбүрөөк иштөө менен бирге көп изденүүсү керек. Мугалимдердин сабагына катышып, методикалык жардам алуусу зарыл. Мугалимге төмөндөгүдөй сунуштар айтылды.

1. Сабактын жүрүшүн туура жана так түзүүсү керек.
2. Тажрыйбалуу мугалимдердин сабагына катышуу жана усулдук кеңеш алуу керек
3. Мугалим жаңы ыкмалардын негизинде көбүрөөк иштөө менен бирге көп изденүүсү керек.
4. Окуучуларды көп иштетүү менен активдүүлүгүн көтөрүү керек

Окуу бөлүмүнүн башчысы:__________ Адылбек кызы Элнура

**Карабеков Сатыбай атындагы орто мектебинин**
**2022-2023-окуу жылындагы география жумалыгынын анализи**

2022-2023- окуу жылынын 14-декабрынан 23-декабрына чейин Карабеков Сатыбай атындагы орто мектебинде география жумалыгы болуп өттү. Мугалимдин башкы максаты "Окутуунун жаңы технологияларын колдонуу менен терең билим берүү жана жаратылышты сүйүүгө, экологияны сактоого, дүйнө жүзүн таанууга жана адептүүлүккө тарбиялоо". Географияны окуп үйрөтүүдөгү эң негизги милдет болуп, окуучулардын өз алдынча карта, өзү жашаган жерге байкоо жүргүзүү, адамды курчаган чөйрөнүн сапатын баалоо билгичтигине ээ болуп, алган билимин окуучуга турмушта колдоно билүүсүнө үйрөтүү.

Адылбек кызы Элнура- мугалим тажрыйбалуу. Мугалим сабак өтүүдө окуучулардын предметине кызыгуусун арттыруу максатында учурдун талабына ылайык жаңы технологиялар, жаңы усулдар менен сабак өтүүгө, ар бир окуучуну өз алдынча терең ой жүгүртүп, иштерди аткарууга көмөк көрсөтүү менен иш жүргүзүп келет.

Мугалим 6 -класска «Океандагы деңиздер, булуңдар, кысыктар жана андагы толкундар» деген темада сабак өттү. Сабакты жаңы технологиялык каражаттарды колдонуунун негизинде өтүп берди. Өтүлгөн теманы кайталоого түзүлгөн суроолору, жаңы теманы көрсөтмө куралдар аркылуу түшүндүргөнү, темага карата берилген таблицаларды, ребурстарды, карта менен окуучулардын иштөөсү, бышыктоо катары ойнотулган «Ойлон издеп таап », жыйынтыктоо максатында ойнотулган «Суроо-жооп» оюндары, негизинен мыкты ишке ашты. Окуучулар сабакка активдүүлүктө катышышты.

7-класска «Тынч океаны» деген темада өткөн күндөлүк сабагына катыштык. Мугалим сабакты уюштуруп, өтүлгөн тема боюнча кайталоо жүргүздү. Мугалим жаңы теманы көрсөтмө куралдардын жардамы менен түшүндүрүп берди. Жаңы тема боюнча түшүнгөндөрүн айтуу менен бирге таблицалар, сүрөттөр, карта менен иштөө болду. Суроо-жооп аркылуу сабакты бышыктады. Сабакты жыйынтыктап, окуучулардын эмгегин баалап, үй тапшырма берилди.

9-10-11-класстын окуучуларынан география сабагынын алкагында тест алынды. Тесттин суроолору өтүлгөн темалардын негизинде 20 суроодон түзүлгөн. Ар бир туура жоопко бирден упай берилди. Жыйынтыгында класстардын билим сапаты төмөнкүдөй болду 9-класстын 40%, 10-класстын 44%, 11-класстын 44%ти түздү. Сабагында ар кандай интерактивдүү методдорду колдонуу менен, жаңы технологияларга басым жасап өткөнгө аракет кылат.

Жалпысынан алганда география жумалыгы жакшы деңгээлде өттү. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуунун үстүндө иш алып баруусу керектиги сунушталды.

Окуу бөлүмүнүн башчысы: __________ Адылбек кызы Элнура

5-класстын окуучуларынын ортоңку баскычка ыңгайлануусу боюнча текшерүүнүн жыйынтыгы.

5-класста жалпы 14 окуучу окуйт. Класс жетекчиси Самудинова Эльзада. 1-чейрек боюнча билим сапаты 36%ти түздү.

5-класстын окуучуларынын ортоңку баскычка ыңгайланусуна байкоо жүргүзүлдү. Сабактын өтүлүшүн жана окуучулардын билим деңгээлин, сабакка кызыгуусун көрүү максатында сабактары текшерилди.

Омор кызы Айнурдун кыргыз адабият сабагына катыштык. Мугалим классты сабакка уюштурду. Үй тапшырманы сурап кайталады. Окуучуларга жагымдуу маанай түздү. Мугалим жаңы теманы көрсөтмө куралдардын жардамы менен түшүндүрүп берди. Окуу көндүмүн жакшыртуу максатында чынжырча менен окушту жана сөздүк менен иштешти. Жаңы тема боюнча түшүнгөндөрүн айтып беришти. Сабакты жыйынтыктап, окуучулардын эмгегин баалап, үй тапшырма берилди.

Мугалимге төмөнкүдөй сунуштар айтылды.

1. Убакытты туура пайдаланып, сабак өтүү ыкмасын өзгөртүү керек.

Самудинова Эльзада тарых сабагынан "Хронология" деген темада сабак өттү. Окуучуларга жагымдуу маанай түзүү менен бирге классты сабакка уюштурду. Классты эки топко бөлгөн. Өтүлгөн тема боюнча берилген таблицаны тууралыгын текшерди. Мугалим жаңы теманы көрсөтмө куралдардын жардамы менен түшүндүрүп берди. Сабакты концептуалдык карта жана таблицалар менен иштешти. Сабакты бышыктоо иретинде билем, билдим, билгим келет оюну менен бышыктады. Топтун жыйынтыгын чыгарып, окуучулардын эмгегин баалап, үй тапшырма берилди. Мугалимге төмөнкүдөй сунуштар айтылды.

Мугалим жаш, бирок сүйлөө речи жакшы. Мугалим өз предметин билет, теманы кеңири түшүндүрдү. Мугалим жаны ыкманын негизинде көбүрөөк иштөө менен бирге көп изденүүсү керек.

Мугалимге төмөнкүдөй сунуштар айтылды.

1. Тажрыйбалуу мугалимдердин сабагына катышуу жана усулдук кеңеш алуу керек
2. Мугалим жаңы ыкмалардын негизинде көбүрөөк иштөө менен бирге көп изденүүсү керек.
3. Окуучуларды көп иштетүү менен активдүүлүгүн көтөрүү керек.

Табылды кызы Анаркүлдүн чет тили сабагына катыштык. Мугалим сабакка классты уюштуруп, үй тапшырмасын кайталады. Жаңы теманы түшүндүрүү үчүн көрсөтмө куралдарды колдонду. Сабак учурунда окуучулар китеп менен сүрөттөр менен иштешти. Сүйлөм түзүп, доскага жазып беришти. Сабакты жыйынтыктап, окуучулардын эмгегин баалап, үй тапшырмасы берилди. Мугалим аракетчил. Окуучулар менен тыгыз байланышта иш